КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ИННОВАЦИЯЛЫК
ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА
ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ

ИНСТИТУТ ИННОВАЦИОННЫХ
ТЕХНОЛОГИЙ И ЭНЕРГЕТИКИ

Кыргыз Республикасы,
Таш-Көмүр шаары,
Студенттер көчөсү 5
Тел.: (03745) 50343
Факс: (03745) 50343
E-mail: info@ abbi.kg

Кыргызская Республика
г. Таш-Кумыр
ул. Студентческая 5
Тел.:(03745) 50343
Факс: ( 03745) 50343
E-mail: info@ abbi.kg

# АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО БОЮНЧА
# КЕЛИШИМ

Инновациялык технологиялар жана энергетика институту (соңунда ИТЭИ), “Жогорку окуу жайы тууралуу жобонун”, жана Уставы негизинде **ИТЭИнин ректору х.и.к., доцент Барпыбаев Турдумамбет Рысбекович** биринчи тарабынан, экинчи тарап **Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары,экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунун директору Тангиров Шекербек Турсунович** ортосунда багыты 550100 “Табигый-илимий билим берүү” (профили: Биология (кошумча География)) боюнча базалык окуу планында каралган окуу-талаа практикасынын өтүлүшү боюнча төмөндөгүдөй келишим түзүлдү.

## I. Келишимдин предмети:

1.1. **ИТЭИ өтүнөт:**

- окуу канааларды пайдаланууга жана өндүрүштүк аянтчалар менен жабдыктарды (каражаттар, колдонмолорду), тажрыйбаларды өткөрүүчү стенддерди мекемедеги китепкананы пайдаланууга уруксат берүүгө;
- *Ботаника жана өсүмдүктөр систематикасы, омурткалуу жана омурткасыздардын зоологиясы жана география боюнча* практикалардын студенттер тарабынан өтүлүшүнө көмөктөшүүгө;

## II. ИТЭИ милдеттенет:

- окуу классына мүмкүнчүлүккө жараша тиешелүү окуу куралдары менен камсыз кылууга;
- окуу тайпаларын уюштурууну жана окутуучу-жетекчи менен катышууну камсыз кылууга;
- сабактар өтүп жаткан канаалардын ичинде тазалык менен тартипти сактоого;
- чарбалык инвертардын жана жабдыктардын толук сакталышын камсыз кылууга;
- биосфералык корук мекемесинин иш убактысынын жана тиешелүү жүрүм турум эрежелерин жана ички тартип эрежелерин сактоого.

## III. Мекеме милдеттенет:

- тиешелүү курстар боюнча лабораториялык (практикалык) жумуштарды аткаруу үчүн иштеп жаткан жабдыктарды колдонуу үчүн берүүгө жана окууну уюштурууга көмөктөшүүгө;
- практиканын жадыбалы боюнча бекитилген практикант-студенттерди мекемеде белгиленген аймактарына (токой, ботаникалык питомник, дендро бакка) кирүүсүн камсыз кылууга;
- практикалык ыктарды өнүктүрүү максатында квалификациялуу адистерди жана кызматкерлерди консультацияларды өтүүсүн уюштурууга;

Сканировано с CamScanner

- практикант-студенттердин практикалык жумуштарды аткарган соң, алардын отчетторун угуу максатында жетекчилерди дайындоого;
- практикант-студенттин методикалык иштерине көмөктөшүүгө, мекеменин методикалык базасын пайдаланууга, токойчу егерлердин кыдырма кайгуул маршруттарына катышууга;
- практикант-студенттерге алдыңкы тажрыйбалуу адистерден – насаатчы же жетекчи катарында бекитип берүүгө;
- өз алдынча талаада байкоо жана изилдөө иштерди аткарууда көзөмөл кылууга;
- алдыңкы илимий кызматкер адистер менен практикант-студенттин ортосунда тыгыз байланышты камсыз кылууга, студенттин практика боюнча отчет түзүүсүндө тиешелүү консультацияларды берүүгө;

## IV. Келишимди аткаруу тартиби:

- келишим эки нускада түзүлөт: бир нускасы ИТЭИнин практика боюнча жооптуусунда, экинчиси мекеменин тиешелүү бөлүмүндө сакталат;
- келишимдин мөөнөтү: **мөөнөтсүз**
- практика учурунда кетирилген кемчиликтер жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык келишим түзгөн эки тараптардын катышуусунда талкууга алынат.

## V. Тараптардын даректери:

| | |
|---|---|
| Жалал-Абад областы<br>Таш-Көмүр шаары<br>Студенттер көч.-5<br>ИТЭИнин ректору<br>х.и.к.,доцент<br>Барпыбаев Т.Т.<br>__________<br>"07" 03 2024-ж. | Сары-Челек мамлекеттик<br>биосфералык коругунун<br>директору Тангиров<br>Шекербек Турсунович<br>__________<br>(мекеменин жетекчисинин колу, мөөрү)<br>"4" 11 2024-ж. |

Сканировано с CamScanner